Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# ИСЛАМ, САЯСАТ ЖАНА КООПСУЗДУК

Профессор **Мевлүт Уянык**
Которгон: **Абдилазиз Калбердиев**

## Дин, гегомониялык саясаттын куралы болбошу керек

### *Маселени тактоо*

Белгилүү бир мааниге ээ болгон сөз менен, ал сөздү кандайдыр бир кептин ичинде колдонуу аркылуу, башкаларга бөтөн бир мааниде таңууланып көрсөтүлүшүнүн арасында кандай байланыш болушу мүмкүн? Албетте, бул суроонун жообун, же маселенин маңызын тактай билсек, ал бизге, ислам дүйнөсүндө пайда боло баштаган *«ойгонуу», «тирилүү», «сезгенүүгө»* окшогон кыймылдар менен, террорист зордук-зомбулук колдонуп, бей күнөө адамдын жанын алган, заалым адамдардын диндар деп эсептелген өзгөчөлүктөрүнүн, кандай мааниде каралышы керек экендигин аңдай алабыз.

Ошондой эле, мындай ары маанилүү, ары негиздүү маселелердин массалык маалымат каражаттарында, академиялык жана интеллектуалдык чөйрөдө кеңири талкууланышы, айрым олуттуу маселелердин чечилишине кызмат кылмакчы. Натыйжада, жөнөкөй, күнүмдүк жашоосунда динди негиз алып жашагандарга туура баа берилип, анын потенциалдуу террорист эмес, тескерисинче, коомго зыяны жок экендиги айкын болот.

Арийне, Америке Кошмо Штаттарында, 2001-жылдын 11-сентябрында болуп өткөн окуянын негизинде, коопсуздук чаралары кеңейтилүү менен айрым эркиндиктерге чек коюлуп, диний баалуулуктарды негиз алып жашаган карапайым адам, потенциалдуу кылмышкер катары каралган. Бул кадам болсо, парадокстар түрмөгүн чоңойтуп, заалымдыкты жоюунун ордуна, кайрадан «радикал диндарларга» кеңири шарттарды түзүп берген.[1]

---

[1] Мисалы: Саддам Хусейндин, Курбан айттын биринчи күнүндө (31. 12. 2007) дарга асылышы, адамгерчиликке да, ислам дининин салт–наркына да туура келбейт. Мамлекетинин туусуна «Аллаху акбар» деп жаздырып, сот жараяндардында Куранды колунан түшүрбөгөн, ошол Саддам; 1967–жылы ЦРУ тарабынан Бейрутта атайын даярдыктан өткөрүлүп, андан соң Баас партиясынын лидерлигине дайындалган. Анын, 1979-жылы бийликти алышы менен, ЦРУ кызматкеринин *«мен, эң жактырган төңкөрүш»* – деп айткан сөзү, эч качан унутулбайт. (Ошондой эле, 1980-жылдын 12-сентябрында Түркияда жасалган төңкөрүштүн, Вашингтонго *«биздин азаматтар ишке ашырды»* деген кабар менен жеткенин да, эстен чыгарбоо керек). Төңкөрүштөн бир жыл өтпөй жатып, Ирак, Иранга кол салды. АКШ, ал согушта Иракка курал жагынан жардамын аябады.

Ошондуктан, ар бир кадамыбызды туура таштап, окуяларды туура анализдей алсак, парадокстардан кутулуп, террористтердин динди жана диний баалуулуктарды курал катары колдонгондуктарын аңдап билебиз жана аларга карата керектүү чараларды колдонууда, өз салымыбызды кошкон болуп эсептелебиз. Эгер, окуяларды туура анализдей албасак, саясый кызыкчылыктардын ишке ашырылуусунда, «диндин» курал катары (mediator of action) колдонулуусу улана берет.

Демек, бул макаланы жазуу менен биздин көздөгөн максатыбыз: ислам менен зордук-зомбулуктун өз ара катышын талдоо; динди туура түшүнүү; диний баалуулуктарды жогору коюп, аны негиздерин жашоосунда так аткарууну каалагандар менен, динди курал катары

---

Ошондой эле, 1988-жылы Халабджадагы кыргында Саддамды, материалдык жана моралдык жактан колдоого алды. Бирок, ошол кыргында Саддамга жардам берген АКШ генералынын, 2002-жылы аскердик трибуналга чыгуу коркунучу жаралганда, ал өз өлкөсүнө кире алган жок. Ал эми, 1990-жылында Саддам аскерлеринин Кувейтке кол салганын шылтоолоп, нефть запастарынын коопсуздугун жана колдонуу гарантиясын камсыз кылуу максатында, АКШ эмнелерди гана аткарбады. Албетте, бул алардын өз элине жана мусулмандарга көрсөткөн заалымдыгынын күбөсү. Ар түрдүү күнөөсү, кылмышкерлиги ашып-ташкан Саддам, АКШнын радикалдуу кадамдарынын негизинде, болгону, «148 шиитти өлтүрдү» деген кине менен соттолушу акылга эч сыйбайт. Жада калса, аны тирүүсүндө каалагандай колдонгон Батыштык өлкөлөр, анын өлүгүн да жайына койбой, ар кандай диндик жана мазхабдык кагылуушуларга негиз жаратууда. Мисалы: БУУга берилген, АКШ жана Улуу Британияга таандык фирмалардын, мыйзамга каршы келген жолдор менен, Ирак элине курал-жарактарды саткандыктары жөнүндө тастыкталган 12 миң беттик документ жарыкка чыгарылган эмес. Ал эми, 2001-жылдын 11-сентябрындагы окуянын эң чоң күнөөкөрү деп эсептелген Усама бин Ладен, СССР-Афганистан согушу учурунда, коммунисттик бийликке сокку уруу жана радикалдык ислам түшүнүгүн жаюу максатында, Пешаварда ЦРУ, MI6 (Британдык чалгындоо кызматы) жана ISI (Пакистан чалгындоо кызматы) тарабынан атайын даярдыктан өткөрүлүп, ЦРУ тарабынан такай колдоого жана көзөмөлгө алынып турган. Бирок, кийинчерээк АКШ, анын башы үчүн 5 миллион доллар сайган. Усама бин Ладен атайын даярдыктан өтүп жаткан мезгилде, Пакистанды, өзгөчө, СССР–Афганистан согушу маселесинде АКШнын куралына айланган диктатор Зия-уль-Хак башкарган. Мына ошол адамдын доорунда, АКШнын колдоосунда, Пакистан атомдук куралга ээ болгон. Бирок, ал исламды негиз алган саясатка кадам таштоосунун натыйжасында, учагы жардырылып, каза тапкан. Ошону менен бирге, Индонезияны 32 жыл башкарып, 1 миллионго жакын адамдын өлүмүнө түздөн-түз себепкер болгон, диктатор Сухартонун, 1965-жылында төңкөрүш менен бийликке келишине, АКШ колунан келген жардамын көрсөткөн.

Бул гана эмес, «*ишин мыкты билген адам*» деп аталган Слободан Милошевич, Балкандагы миңдеген мусулмандардын өлүмүнө себепкер болуп, кийинчерээк Лахейде соттолду. Ошондой эле, Фердинанд Маркос, Аугусто Пиночет, Альберто Нориеганын кылмыштарынын аркасында кайсыл адамдардын катыштыгы бар экендигин эч ким, эч качан унутпайт. Ошондуктан, мындай коомдук трагедияларды калкка кеңири жеткирген кабарчылардын иш–аракеттери мактоого татыйт жана алар мындай маселелерди ар дайым изилдеп, козгоп туруулары керек. Караңыз: Dolmacı Emine. ***ABD ile Tango Darağacında Bitiyor.*** //Zaman. 07. 01. 2007. Pazar. 5–бет; İpekçi Leyla. ***Karanlık Kuyuya Atılan Tarih.*** //Zaman. 14. 01. 2007. Pazar. 10–бет.

колдонгондордун арасында чоң айырмачылыктардын бар экендигин белгилөө.

**Батыш цивилизациясына каршы пайда болгон реакция, же ислам дүйнөсүндөгү *«ойгонуу»*, *«тирилүү»*, *«сезгенүүгө»* окшогон кыймылдар**

XX кылымдын экинчи жарымынан баштап, ислам дүйнөсүндө Батыштык цивилизацияга карата терс реакциялар пайда боло баштады. Бул жөнүндө, Erol Güngörдүн «исламдын учурдагы маселелерине» байланыштуу анализдеринде таамай көрсөтүлгөн. Ал, ислам дүйнөсүндө көз жара баштаган *«ойгонуу»*, *«тирилүү»*, *«сезгенүүгө»* окшогон кыймылдар, мусулмандардын тизгинди колго алууга болгон аракеттеринин далили, деп эсептейт. Ал эми, мындай кыймылдардын пайда боло башташынын түрдүү себептери бар. Мисалы:

1. Өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин, энергетикалык булактарга болгон талаптарынын, муктаждыктарынын натыйжасында, дүйнөдө энергетикалык кризистер жарала баштады жана OPECке мүчө болгон мамлекеттердин (Венесуэла жана Эквадорду кошпогондо) баарынын мусулмандар жыш жайгашкан өлкөлөр болушу, көпчүлүктүн маселеге болгон көз караштарын өзгөрттү.[2] Ошондой эле, XX кылымдын соңку 10 жылдыгында көз карандысыздыкка жеткен жана нефть, табигый газ жана башка баалуу металлдарга бай келген түркий мамлекеттердеги байлыктарды көзөмөлдөөнү каалаган күчтөрдүн максаттары, маселенин маанилүүлүгүн көрсөтүп турат.

2. *«Ойгонуу»*, *«тирилүү»*, *«сезгенүүнүн»* экинчи себеби катары, Батыштык күчтөр тарабынан көзөмөлдөнүп келинген, ислам дүйнөсүндөгү саясый, экономикалык системалардын, идеологиялардын кыйроого учурай баштоосун көрсөтүүгө болот. Башкаруунун формасы жана аты окшош болсун, же түрдүү болсун, Батыш тарабынан колдоого алынып келинген өкмөттөр, калың катмардын экономикалык, коомдук жана саясий маселелерин чечип бере алган жок. Кайрадан анын тескерисинче, башкаруу, бир жана бир канча адамдын кызыкчылыгын жогору коюп, калктын каалоосуна каршы келген *олигархиялык, диктатордук режимдерге* айланды.[3] Батыштык массалык маалымат каражаттарында айтылып, жазылып келген, саясий ислам, исламизм, фундаменталист жана радикалдык кыймылдар, негизинен, мына ошол режимдерге, туура эмес

---

[2] Güngör Erol. ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 8. baskı. – İstanbul, 1993. –18-бет.

[3] Güngör, ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 20-23-беттер.

жүргүзүлгөн саясаттарга каршы реакция катары пайда болгон. Бирок, диндин курал катары (mediator of action) колдонулушу, кеңири кулач жайган. Демек, ислам дүйнөсүндө баш көрсөтө баштаган жана көпчүлүктүн кызыкчылыгын жогору коюуну сунуштаган[4] «*кайрадан жандануу*» кыймылдарынын негизги талабы, *жалгыз гана,* исламдык принциптерге таянган жашоо формасын издөөнүн натыйжасында келип чыкпагандыгын айтууга болот.

**Дин – саясат байланышын жаңыдан кароо жана баалоо**

Дин менен саясаттын арасында тыгыз байланыштын бар экендиги жөнүндө тарыхта сансыз далилдер бар. Саясаттын маңызы, башкаруунун ийкемдүүлүгүндө жана мамлекеттик органдардын иш-аракеттеринде жатат. Ар бир коом, өзү жашаган доорго, географиялык жана маданий өзгөчөлүктөргө карап, башкаруунун формасын тандап жана жактап келишет. Бирок, глобалдашуу (ааламдашуу) жараяны менен бирге, башкаруунун формасы жана системасы дагы, башка өңүттө карала баштады. Өзгөчө диндин, түз жана кыйыр түрдө, эл аралык деңгээлдеги маселелерде, салмактуу ордунун бар экендиги айтылып келет. Ошондуктан, айрымдары аны, көптөгөн маанилүү маселелерде курал катары колдонуудан тайбайт.[5]

Эгер дин, глобалдык гегомониянын, же болбосо, кандайдыр бир бийликти жыгууда ички саясаттын куралы катары колдонула берсе, анын коомдогу орду жана маанисин, туура эмес багыттагы түшүнүктөр толтурат. Натыйжада, адам баласы, табиятындагы ишенүү өзгөчөлүгүн унутуп, рух, дил, дит (салим акыл) деген нерселер жоголуп, ар кимдин өз көмөчтөрүнө күл тартуусу көбөйөт, жердешчилик, тууганчылык, жамаатчылыкка окшогон бөлүнүү, жарылуулар артат. Ошондуктан, коомдун ар бир мүчөсү, Куранда баяндалгандай, «динди туптуура кармап, бөлүнүп-жарылбоосу»[6] керек.

Ошондой эле, Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарга жиберилген ишеним негиздери менен адеп-ахлак нормаларынын, Аз. Нухка (а.с.), Аз. Ибрахимге (а.с.), Аз. Мусага (а.с.) жана Аз. Исага (а.с.) дагы берилгенин эстесек, анда вахийлердин келүү себептеринин арасында,

---

[4] Güngör, ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 19-20-беттер.

[5] Мисалы; 2003-жылы Стамбулда жасалган террордук акт жөнүндө, премьер министрдин төмөнкүчө айтканы бар: динге жамынгандыгынан улам, акыретте жаза көргүр акмактардын аткарган террору, кимдин кызыкчылыгы үчүн жасалды? Кайсыл гегомониялык саясаттын максатына кызмат кылып берди? Кимдин, кайсыл мусулман өлкөнүн маселелерин чечип берди? Же болбосо, айрым өлкөлөр, коопсуздук чараларын шылтоолоп, эркиндиктерге чек коюу үчүн аткардыбы?.

[6] Кураны Керим. ***Шуура сүрөөсү.*** 13 – аят; ***Аали Имран сүрөөсү.*** 103 – аят; Караңыз: Esed Muhammed. ***Kur'an mesajı:*** Meal-Tefsir. çev. Koytak C., Ertürk A. – İstanbul, 1997 – 985-986-беттер.

убакыт жана мейкиндикте өзгөрбөгөн адептүүлүктүн, ыймандуулуктун негиздеринин жаткандыгын көрөбүз. Демек, «акыйкатты чангандар канчалык деңгээлде ачууланышса да, биз чын дилибиз менен жалгыз Аллахка жакындашуубуз керек».[7] Анткени, жүрөктүн түпкүрүнөн келген калыс ниет менен Аллахка болгон ишенимди сезе албасак, акыйкаттан адашкандыгыбыз айкын болот.[8]

**Динге жамынылып аткарылган жаман жоруктардын, жагымсыз кыялдардын, же жаңылыштыктардын бүтүүсүн кааласак, диндик акыйкаттардын аткарылуусун самасак, анда ар бирибиз, мойнубузга парз болуп байланган жоопкерчиликтердин[9] өзүбүздүн ыктыярыбызда, колубузда экендигин чын дилден сезип жана аны аткара билүүбүз керек. Ошону менен бирге, зордук-зомбулук менен террордун тузагына түшпөй, тынчтык маанисине келген исламдын, биримдүүлүккө, ынтымакка үндөгөн чакырыктарына кулак төшөшүбүз зарыл.[10] Бул нерсени аткаруу, Жаратканга карата моюн сунуучулугубуздун далили болот. Анткени Жараткан – жакшылык кылгандар, сөзсүз жакшылык көрөт, деп буюрган.[11]**

Ошондуктан, саясый кызыкчылыктарын ишке ашыруу максатында, динди колдонгондорду, жакшылап анализдешибиз керек.

**Динди саясый курал катары колдонгондордун максаты жана өзгөчөлүктөрү**

Белгилүү мусулман философу Киндинин көз карашы боюнча, байлык жана бийликти негизги максат катары көргөндөр менен, жеке кызыкчылыктары үчүн динди колдонгондор, ой жүгүртүүнүн, философиянын эң чоң душманы болуп эсептелишет. Ачуу чындыкты камтыган жана таамай белгиленген бул пикир, ушуга чейин өз маанисин жоготпой келет. Анткени, доор алмашканы менен, адамдагы өзүмчүлдүк жашай берет. Ошондуктан, маселени кабыргасынан койгон Киндинин пикир дүйнөсүнүн бир шилтемин кайрадан кеңири эстеп өтсөк:

«Байлык жана бийликти негизги максат катары көргөндөр менен, жеке кызыкчылыктары үчүн динди колдонгондордо кызганычтын изи өчпөй, ой дүйнөсүн каптаган караңгы туңгуюк, акыйкат жарыгын көрүүгө тоскоол болот. Ашкере кызуу кандуу жана заалым душмандай маанай тартуулаган мындай адамдар, арам жол

---

[7] Кураны Керим. ***Гафир сүрөөсү.*** 14 – аят.
[8] Кураны Керим. ***Зумар сүрөөсү.*** 3, 11, 14 – аяттар.
[9] Кураны Керим. ***Исра сүрөөсү.*** 13 – аят.
[10] Uyanık M. ***Din Hegomonik Bir Siyasetin Aracı Olamaz.*** //Zaman. 30. 11. 2003.
[11] Кураны Керим. ***Зумар сүрөөсү***. 10 – аят.

менен жеткен орундуктарын коргоо үчүн, жаман жорук, жагымсыз кыялдарын көрсөтүүдөн, ыймандуу жана ыкыластуу адамдарды каргап, кагуудан тажашпайт. Анткени, алардын негизги максаттары, динди колдонуу, мансапка жетүү. Чындыгында, андай адамдар жетиштүү диний сабатка деле ээ эмес. Болсо да, аны сатып, жандары тынган».[12]

Эми, мунун натыйжасы кандай болушу мүмкүн? Ahmet Hamdi Taşpınar айткандай, андай адамдар: «адамгерчилик кетип, айбан болот, адеби бузулуп, акмак болот».

**Дин–саясат байланышын туюндурган: фундаментализм жана радикализм**

Арапча, усулиййа; англисче, fundamentalism жана radicalism; французча, L'interisme; түркчө, köktencilik жана köktendincilik, кыргызча, орусча, фундаментализм жана радикализм сөздөрүнө жүктөлгөн негизги өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр: катуу, корс, фанат, өсүү-өзгөрүүгө каршы, аркага кайтууну жана бир жерде тоңуп калууну жактоочу.

Garaudy'нин көз карашы боюнча, учурдагы бардык интегризмдерде (башкаларга, бир нерсени мажбурлап аткарткан киши же коомдордун иш-аракеттерин туюндурган түшүнүктөрдүн туундусун түшүндүрөт), кандайдыр бир диний жана саясый ишенимдерди, өткөн доорлордогу маданий баалуулуктарга шайкеш келгендиги үчүн өзгөрүлбөс акыйкат, абсолюттук чындык катары баалоо жана жактоо негизги орунда турат. Технократ болсун, тоталитар болсун, же болбосо, иудейи болсун, христиан же мусулманы болсун, келечектин эң негизги душманы, алардын арасында пайда боло турган интегристтер болуп эсептелет.[13] Мындай түшүнүк, жашап жаткан диндердин көпчүлүгүнө таандык өзгөчөлүк катары айтылып келгени менен, өзгөчө, айрымдары аны, ислам менен тыгыз байланыштырууга аракет кылып келет. Ошондуктан, катардагы жөнөкөй эле мусулман, потенциалдуу террорист катары каралып, дүйнөлүк маалымат түйүндөрүн көзөмөлдөгөн батышчыл массалык маалымат каражаттары, өз кызыкчылыктары үчүн, жасалмалуу жол менен, адамдардын аң-сезимдерине исламафобияны жайгаштырууга бар күчүн жумшоодо. Аң-сезимибизге терең таасир калтырган массалык маалымат каражаттары, геосаясаттын багытын аныктоо менен, зордук-зомбулук жана терроризмдин маңызын каалаган жагына буруп, ийге келтирип жана ага каршы жасалма коопсуздук иммунитеттерин сунуп жаткандай маанай тартуулайт. Анткени, айрым жерлерде, айрым адамдар

---

[12] Kindi. ***İlk Felsefe Üzerine.*** //Kindi: Felsefi Risaleler. çev. Kaya Mahmut. – İstanbul: İz Yayınları– 4-5-беттер.

[13] Garaudy Roger. ***Entegrizm: Kültürel İntihar.*** çev: Çileçöp K. B. – İstanbul, 1995. – 9 – бет.

тарабынан терроризм менен исламдын синоним катары каралышы, мунун эң негизги күбөсү болуп эсептелет.[14] Демек, аларга сунушталган, кабарланган, айтылган же жазылган ислам, бул: «чөл фанатизмин, ойго келбеген жыныстык катнаштарды, ашкере фатализмди кубаттаган, сабатсыздык туткунунан куткаруу үчүн келген эмес, кайра ошол сабатсыздыктын туңгуюгуна алып барган дин».[15]

Мына ушундай берилген аныктама, албетте, максаттуу түрдө таратылган жана акыйкатка дал келбеген маалыматтарга таянат. Чындыгында ислам, адамзаттын дүйнө жана акырет бакытын көздөйт, ошондуктан, «тынчтык, коопсуздук» маанилерин туюндурган исламдын, жогорудагыдай аныктамалар менен эч бир катышы, эч бир байланышы жок. Мындай бузукулуктар, жеке саясый кызыкчылыктарын көздөгөн адам, же топтордун арам ойлорунан башат алган. C. Meriç айткандай: «бардык идеологиялар, аң-сезимибизди байлаган психикалык оорулууларга кийдирилген кийим сыяктуу[16] жана алардын баарынын башаты Батышка барып такалат».

Ошондой эле, азыркы күндө, белгилүү бир мааниге ээ болгон сөз, кандайдыр бир кептин ичинде колдонулуп, башкаларга бөтөн бир мааниде таңууланып көрсөтүлүп келүүдө. Ошондуктан, ислам мамлекети, саясый ислам, же болбосо исламдык терроризмге окшогон сөздөрдүн маанисин тактоо максатында, батышчыл маалымат

---

[14] Буга конкреттүү мисалы катары, Түркияда CNBE каналында дагы көрсөтүлгөн «24» аттуу сериалды берүүгө болот. Өзгөчө, АКШнын Иракка болгон аскердик кийлигишүүсүн кубаттаган Fox ТВ, көрүүчүлөрүнө сунуштаган дүйнөгө таанымал, жогоруда аты аталган сериалда, антитеррордук группанын башынан өткөргөн окуяларын кенен чагылдырып берет. Бирок, анда мусулмандар, негизинен, террористтер катары сүрөттөлгөн. Ал эми, ошол сериалдын, 2007-жылдын январь айындагы сериясында, исламафобия ашыкча чагылдырылган. Демек, Батышчыл массалык маалымат каражаттарынын бири болгон Fox ТВ, ачык эле, мусулмандарды,потенциалдуу террорист, ал эми алар менен согушуп курман болгон Америкалык аскерлерди баатыр катары сүрөттөп, Американын согушууга аргасыз экенин, мусулмандардын болсо, тарбияга, маданияттуулукка, прогресске муктаж экендиктерин элине далилдегилери келишет. Бирок алар, эч убакта ошол согушта өлгөн 700 000ге жакын карапайым калкты эстеп да коюшпайт. Натыйжада, Батыштыктардын аң–сезимдеринде ислам дүйнөсү коркуунун, заалымдыктын мекени, ал эми мусулмандар болсо, потенциалдуу кылмышкерлер катары калыптанып, согушуунун АКШ үчүн, акыркы чара экенине басым жасалган. Караңыз: Gökcan Hüseyin. ABD, ***Müslümanları 24'ten vuruyor.*** //Zaman. 04. 02. 07. Pazar Gündem. 13–бет.

[15] Mümin Abdurrahman. ***İslam Köktenciliği Üzerine–Basmakalıp Bir İfadenin Soykütüğü.*** //İslam Araştırmalar Dergisi. çev: Uyanık M. 3-саны. 6-том. 1992. 165-171-беттер; Uyanık M. ***İslami Hareketler İfadesinin Anlamlılığı Üzerine Bir Deneme.*** //EKEV Akademi Dergisi. – Mayıs, 1998 – 1-том. 9-16-беттер; Uyanık M. ***Medya ve Müslüman İmajı.*** //Müslüman İmajı. – Ankara: Diyanet Vakfı Yayınları, 1996. – 287-295-беттер.

[16] Коммунизм, интегризм, радикализмге окшогон идеологиялар, адамдардын аң-сезимдерин байлап койгондугу үчүн, алар аны гана акыйкат деп билип, анын чегинен чыга албай калышат. (Которуучудан)

каражаттары тарабынан кеңири колдонулуп келе жаткан фундаментализм менен радикализмдин айырмачылыктарын белгилеп кетүү абзел. Ahmet Yaşar Ocak тарабынан берилген анилизде, бул сөздөрдүн маанилери төмөнкүчө баяндалат:

1. Фундаментализм же фундаменталисттер: пайда болгон суроолорго жооп табуунун жана маселелерди чечүүнүн жолун, исламдын тамырына, тарыхына жана булактарына кайрадан көз чаптырып, анан гана натыйжаны сунуштоону туура көргөндөрдүн жалпы аты.[17] Демек фундаменталисттер, саясый негиз менен колдоруна курал алып көчөгө чыккан радикалдардай эмес.

2. Ал эми *радикал ислам* деп берилген *түшүнүктөрдүн* түпкү максаты болсо, динди, саясый идеологиянын деңгээлинде карап, анын негизинде ислам мамлекетин куруу болуп саналат. Ошондуктан, алардын көз караштарында, мусулмандар ишенимдеринин негизинде, ислам мамлекетин куруулары керек. Бирок, алар сунуштаган система, парадокстар түрмөгүнөн чыгып кете албайт. Кыскасы, Ahmet Yaşar Ocak айткандай, фундаменталист, батышчыл эмес, бирок, жаңылыкка каршы эмес жана демократияга карата көз караштары да түз. Ал эми, радикалдар булардын баарына карама-каршы.[18]

Батыштык изилдөөчү Munson, ислам дүйнөсүндө протестант чиркөөсүндөй кыймылдар болбогону менен; фундаментализмди, ***социалдык–саясый*** мааниде, жашоонун бардык тармагын кучагына алган жана исламдын ыйык булактарына таянып, ***диний саясат нормаларын*** түзүүгө көңүл байлаган кыймыл катары сүрөттөйт. Бирок, алардын мажбурлоо жана зордук-зомбулукка жакындашпаганын белгилеп, радикал ислам, исламист, саясый исламга окшогон сөздөрдү бир беткей жана максатту түрдө колдонула баштаган неологизм катары белгилейт.[19]

Ошондой эле, арапча «усулиййа» сөзүнүн ордуна, модерн доордо, жаңыдан түшүнүү, жаңыдан ойлонуу, же кыскача жадидчиликтин идеологиялык маңызы катары каралган

---

[17] Abdurrahman Mümin, исламдык фундаментализм сөзүн, максаттуу түрдө өзгөрүүгө учуратылгандыгын белгилегиси келет. Анын пикири боюнча, бул сөз, «ойгонуу», «сезгенүүгө» окшогон мааанини камтып, 1970-жылдан кийин кеңири колдонула баштаган жана учурдагы айрым системаларга, идеологияларга карата терс реакция катары пайда болгон пост–модерндик өзгөчөлүгү бар түшүнүк. Караңыз. Mümin. ***İslam Köktenciliği Üzerine–Basmakalıp Bir İfadenin Soykütüğü.***168–бет.

[18] Ocak A. Y. ***Küreselleşme Karşısında İslam yahut İslam'ı Bugüne ve Geleceğe Taşımak.*** //Milli Kültürler ve Küreselleşme (Erol Güngör Hatırasına 16-18 Ekim 1997'de Düzenlenen Kongre Metinleri). – Konya, 1998. – 52-бет; Kurşun Zekeriya. ***Arap Ülkelerinde Yönetim Şekli ve Demokrasinin Geleceği.*** //İslam ve Demokrasi Sempozyumu. Türkiye Diyanet Vakfı. – Ankara, 1998. – 232- бет; Ошондой эле, караңыз: Ced'an Fehmi. ***İslam Yönetim Tartışmaları***. çev: Yolcu M. – İstanbul, 1989.

[19] Munson Henri J. R. İslam and Revolution in the Middle East. – London, 1988. – 3-4-беттер.

«салафийликти» дагы колдонууга болот, деп белгилеген Gabriel Baer; Саудия Ваххабизминин, Ливиядагы Санусий жана Судандагы Махдийлик кыймылдарынын, мунун эң негизги далилдери катары эсептейт. Бирок, алардын арасынан Саудия Ваххабизми гана, идеологиялык жана радикалдык структура катары, саясый аренадагы активдүүлүгүн улантып келе жаткандыгын да эскертип өтөт.[20] Бирок, бул жерде белгилей кетүүчү жагдай, жогорудагы сөздөрдү ар ким ар кандай мааниде колдонуп келет. Тактап айтканда, *ислам коомунда жадидчилик катары маалым болгон фундаменталисттик кыймылдарды* учурда ар ким ар кандай мааниде карап, аны көбүнесе, саясый багытка сүрүүнүн аракетинде.

Ошондой эле, араптардын ой-таанымында «усулиййатул исламиййа», негизинен, фундаментализм маанисинде каралса, Ahmet Yaşar Ocak, ага радикалдык өзгөчөлүктөрдү ыйгарат. Айрымдары, радикалдык кыймылдардын баштоочулары катары маалым болгон Мавдудий, аль-Банна жана Саид Кутубга окшогон ойчулдарды, фундаменталист катары баалайт. Жабири болсо, фундаменталисттер деп-салафийлерди эсептеп, Жамалуддин Афгани, Мухаммед Абдух ж.б. аалымдардын жолун жолдогондорду мына ушул топто карайт.[21] Ал эми Мавсылы Ахмад болсо, аны саясый кыймыл катары, маселелердин чечими акыл эмес, Куран жана сүннөттүн алкагында каралып, Жараткандан башка өкүмдардын жок экендигин жар салгандардын идеяларын, практикада ишке ашырууга бел байлагандардын иш-аракеттерин айтууга болот, деп белгилейт.[22]

Кыскача айтканда, радикализмде өзгөрүүгө карата жагымдуу ниет болгону менен, анын лидерлери жана активисттери профессионалдуу саясатчылар катары эсептелишпейт. Жада калса алар, диний илимдерди терендетип окушкан да эмес. Алар болгону, исламды, коомдук жашоонун туткасын айланткан кыймылдаткыч болушун каалашат. Ошондуктан аларды, жаңы салафийлер (нео салафий) деп айтууга болот. Анткени, алардын негизги өзгөчөлүгү, исламдын жаңы терминдер менен жаңыдан жоромолдонулушун жактап, аны саясый идеология катары кайра алып чыгууну негизги максат, деп билишет. Бирок алар, канчалык деңгээлде «жаңы салафийлер» делгени менен, өзөгүндө радикалдуулуктун изи өчпөйт.[23]

---

[20] Baer Gabriel. ***İslam and Politics in Modern Middle Eastern History.*** //İslam and Politics in the Modern Middle East. Ed. Heper Metin–İsraeli R. – London, 1984. – 13-14-беттер.

[21] Хасанейн Т. Ибрахим. ***Заруратул ихъя иль – ислами фи дирасатил гарбийййа.*** //аль–Хибар. 25–саны. 1992. 25-бет.

[22] Мавсылы Ахмад. ***аль–Усулийййатул исламийййа, аль-Мавсуатул фалсафийййатул арабийййа.*** Редактор Муин Зияда: – Бейрут, 1988. – 2–том. 150–бет.

[23] Uyanık M. ***Bilginin İslamileştirilmesi ve Çağdaş İslam Düşüncesi.*** 2. baskı. – Ankara, 2001. – 53-54-беттер.

**Фундаменталызм жана радикализмдин негизги өзгөчөлүктөрү**

Алгач, фундаментализм[24] сөзүнүн түпкүрүндөгү өзгөчөлүктөргө көз салсак; динди түзгөн вахийлер (Жаратkандан келген жарлык), ар кандай себептердин натыйжасында, убакыттын белгилүү бир ирмеминде келген. Демек, анын адамзатка келүүсү, экономикалык, социалдык, саясий ж.б. факторлордун коштоосунда болгон. Бирок ал, саясат, экономика, социология китеби эмес. Динде камтылган буйрук же тыюуну түшүнүүдө, фундаменталисттин алгачкы кадамы: окуянын чоо жайын, метафизикалык жана коомдук өзгөчөлүктөргө карай, ошол тарыхый шарттардын негизинде анализдөө болуп эсептелет. Тактап айтканда, окуянын субъективдүү жана объективдүү жактарын изилдеп, андан соң керектүү жыйынтык чыгарат. Ал эми, радикализмдин (радикалдардын) негизги өзгөчөлүктөрү болсо, окуянын чоо жайын кеңири иликтебестен туруп, баарын бир калыпта карайт. Натыйжада, учурдагы ары актуалдуу, ары талуу маселелерге канааттандырарлык жоопторду бере албай келет. Ошондуктан, азыркы учурда, Куран жана сүннөттү, өкүм менен кылмыш жана жаза кодекстеринин топтому катары эмес, мусулман коомдорунун орток баалуулуктары жана аларга акыл үйрөткөн акылман, туура жолду көрсөткөн даанышман, жашоонун маанисин сездирип, мээрим чачкан Жаратканды тааныткан мугалим катары түшүндүрүү керек.[25] Демек, окуяга жетиштүү деңгээлде сарeсеп салып, иликтебеген радикалдар, Батыш менен демократия сөздөрүн синоним катары көрүшүп, аларды чанат. Бирок, алардын ордуна колдонулуучу, идеалдуу башкаруунун системасын да көрсөтө алышпайт. Жалгыз гана, аърафтагы (арада калган) адамдарга, кыялындагы мамлекет (халифат) элесин чагылдырууга аракет кылышат.

Бул окууну жактагандар, *«кайсыл жерде ката кетирдик?»* деген суроого жооп табуунун ордуна, бардык күнөөнү, Батыштык коллонизаторлорго, Батыштык империализмдерге ыргытышып, ислам дүйнөсүн радикалдуу кадамдарга барууга үндөдү. Бул нерсе болсо, бийлигин дагы да бекем чыңдоону каалагандар үчүн, табылбаган олжо болду. Натыйжада ашкере реакциячылдык, мусулмандардын жаратуучулук жөндөмдүүлүгүн дегеле жок кылды. Саясый, экономикалык, эл аралык байланыштар исламга карап аныктала

---

[24] Бул жерде берилген фундаментализм түшүнүгү, тарыхты учурга ташууну каалаган салафийлик агымы эмес, соңку учурларда ислам дүйнөсүндө пайда боло баштаган, *«ойгонуу», «тирилүү», «сезгенүүгө»* окшогон кыймылдарды камтыйт. (Котормочунун көз карашы)

[25] Bardakoğlu Ali. ***Teorik Açıdan İslam ve Demokrasi: Yasama.*** //İslam ve Demokrasi Sempozyumu. Türkiye Diyanet Vakfı. – Ankara, 1998. – 366-бет.

баштады. Тактап айтканда, ислам; саясат, экономика, эл аралык байланыштар китеби катары каралды. Учурдагы акыбалды туура талдап, тастыктап, жөнгө салуунун ордуна, ар кандай саясий, экономикалык ж.б. түзүлүштөр пайда болду.[26] Мисалы; Насыр, Хумейни, же болбосо Каддафинин баскан жолу, мунун далили. Эч ким, Куран же сүннөттүн, башкаруунун системасын көрсөтпөгөндүгүн, жалгыз гана аларга, акыйкаттуулук менен адилеттүүлүктү бекем кармоону буюргандыгын көргөн жок.

Ал эми, бийлик жана бийликтегилердин жоопкерчиликтерин белгилеп, билимдүү, ыймандуу адамды башкаруучу катары шайлоо, анын негизинде адилеттүүлүктү негиз туткан коом түзүүнүн жолдорун, исламдын негизинен издөө,[27] фундаменталисттин милдеттеринен болуп эсептелет. Бирок, тарыхый шарттарды, тарыхтагы маселелерди, аларды чечүүнүн жолдорун жана алардын натыйжаларын жакшылап анализдебей туруп, белгилүү бир мезгилдеги башкаруунун формасын идеалдаштыруу,  же болбосо, өтмүштүн кемчилдиктеринен өрнөк алуунун ордуна, кайра аны учурга алып келип жашоо, радикалдардын, саясый исламдын (түшүнүгү) аткара турган иши болуп эсептелет.

**«*Өкүмдарлык кимге таандык?*» – суроосунун алкагында фундаменталисттер менен радикалдардын түшүнүктөрүн анализдөө**

Радикалдардын көз караштарында, өкүмдарлык жалгыз гана Жаратканга таандык жана бул сөз, бир эле учурда саясый маанини да камтып турат. Ал эми, фундаменталисттердин түшүнүктөрүндө, өкүмдарлыктын Жаратканга таандык экендиги талашсыз. Бирок, бул

---

[26] Karaosmanoğlu Ali L. ***İslam and its impications fort he İnternational System.*** //İslam and Politics in the Modern Middle East. Ed. Heper Metin–İsraeli R. – London, 1984. – 111-116-беттер; Хасанейн Т. Ибрахим. ***Зарурату‌л ихъя иль – ислами фи дирасатил гарбийа.*** //аль–Хибар. 22-бет.

[27] «*Дин адамы*» деген сөздү, руханийлер жана алардын башкаруучулугу катары түшүнгөн Ömer Tarkan, азыркыга чейин, алардын, башкаруунун адилеттүү формасын сунуштай албагандыгын белгилеп өтөт. Демек, анын көз карашы боюнча, исламда дин адамы же руханийлер катмары жок жана исламдын негиздери, учурдагы демократиянын принциптерине каршы да келбейт. Бирок мусулмандар, же болбосо дин адамдары эмес, дин кызматкерлери менен интеллектуалдар, ошол демократиянын кемчилдиктүү жактарын жоюучу механизмдерди иштеп чыгуунун ордуна, 500 жыл мурун Батыш башынан өткөргөн, руханийлер катмарын жана аларды бийликке алып келүүнүн жол жобосун ойлонуунун үстүндө. Караңыз: Tarkan Ömer. ***İslam ve Demokrasi.*** //İslam ve Demokrasi Sempozyumu. Türkiye Diyanet Vakfı. – Ankara, 1998. – 459-460-беттер; Ошол эле автор, «*İbrahimi Dinler ve Demokrasi*» аттуу макаласында, төмөндөгүлөргө токтолуп өтөт: «Эч бир адам жана эч бир коом, Жаратkandын жердеги өкүлү же өкүлдөрү эмес. Ошондуктан эч ким, бийликке жетүү үчүн, Аллахтын атын колдонууга акысы жок». Кеңири маалымат алуу үчүн, караңыз: Tarkan Ömer. ***İbrahimi Dinler ve Demokrasi.*** //İslam ve Demokrasi Sempozyumu. Türkiye Diyanet Vakfı. – Ankara, 1998. – 141-148-беттер.

сөздүн айтылышынын максаты, саясый мааниде каралган эмес, бул жерде Аллахтын улуулугун, теңдешсиздигин жана чексиздигин даңктоо, даңазалоо бар. Демек аны, физикалык дүйнөгө алып келип, саясый өзгөчөлүктө кароо, гегомониялык саясатты ишке ашыруу маанисине келет.

Фундаменталисттердин көз караштарында, өкүмдарлыктын Аллахка таандык болушу менен башкаруунун маңызынын, Жараткан белгилеген адептүүлүккө, ыймандуулукка, адилеттүүлүккө таянышынын арасында карама-каршылык жок. Анткени Аллах таала, адамзатты халифа кылып жаратып, жер жүзүн кыйратуунун ордуна, кайра тургузууну, ишенимди негиз туткан, укуктуу, коопсуз жана адилеттүү коомду курууну талап кылган. Демек, адам баласына мындай милдет жана жоопкерчиликтин жүктөлүшү, андагы саясый эрк менен саясый башкаруунун автономдуулугун белгилеп турат. Тактап айтканда, Жараткандын «Шаъари» болушу (диндин негизги принциптерин белгилөөчүлүгү), адам баласынын «фааких» болушуна (шарттарга карап, маселени талдоочу жана чечим берүүчүлүгүнө) тоскоол болбойт. Эгер тоскоол болгондо, адам баласынын халифа болуусунун мааниси калмак эмес.[28] Ал эми радикалдардын түшүнүктөрүндө, мусулмандардын проблемаларынын, маселелеринин чечими, ислам мамлекети менен гана ишке ашмакчы. Демек алар, аруу болгон ислам динин, башкаруунун формасына, же кандайдыр бир саясий идеологияга теңдеп сүрөттөшөт.

Негизинен, эки түрдүү түшүнүк тең модерн доордо көз жарды. Бирок, фундаменталисттердин негизги принциптери, маселени убакыттын шарттарына карап жаңыдан жоромолдоо, чечүүчү жолдорду жана методдорду сунуштоо болуп эсептелет. Радикалдар болсо, табияты туруктуу болбогон саясатты жана саясый маселелерди, тарыхтын ичине камоонун аракетинде. Бирок, тарых философиясы белгилегендей, өтмүштү кайра жашоо мүмкүн эмес. Анткени, андан бери, убакыт, мейкиндик жана шарттар өзгөрдү.

Кыскача айтканда, диний баалуулуктарды негиз тутуп жашоо, артта калуу, же болбосо, модерн дүйнөгө каршы чыгуу болуп эсептелбейт. Демек, *«ойгонуу»*, *«тирилүү»*, *«сезгенүүгө»* окшогон диний деп эсептелген кыймылдардын мазмуну эски эмес, модерн жана алда канча кеңири.[29] Ошондой эле, мындай кыймылдардын пайда болуусуна, акыркы кылымдарда (сөз түрүндө) эгемендүүлүктөрүнө жетишип, андан ары күч түзүмдөрү тарабынан гана колдоого алынып

---

[28] Bardakoğlu. ***Teorik Açıdan İslam ve Demokrasi: Yasama.*** 363-367-беттер.

[29] Güngör. ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 22, 234-238-беттер; Арап дүйнөсүндөгү патриархалдык түзүлүштүн анализи жөнүндө кеңири маалымат үчүн, караңыз: Шараби Хишам Башир. ***ан–Низамул абави.*** – Beyrut, 1990.

келинген жана басымдуу бөлүгүн мусулмандар түзгөн, айрым мамлекеттердин башкаруучу жана элита катмарларынын анти-исламдык көз караш, кыймыл-аракеттеринин да салымы чоң. Ошондуктан, бул жагдайдын да кеңири изилденип, анализденүүсү керек.[30]

**Айрым социалдык-саясый режимдердин, динди курал катары колдонушу**

Негизинен, учурдагы, ислам дүйнөсүндөгү саясый акыбал жана башкаруунун формасын, орто кылымдарда Умаййаддар тарабынан колдонула башталган уруучулдукка таянган абсолюттук монархиянын уландысы катары кароого болот. Ал гана эмес, айрым башкаруунун формасы, абсолюттук монархиянын да чегинен чыгып, Жахилия доорунун кейпин кийди. Жада калса, Siddiqiнин пикири боюнча, алар Нео-Жахилия деген атка да татыктуу эмес. Анткени, алар бийликте калуунун амалын издеп, Батышты тиктеп, аткарбаганы калбады.[31] Ошондуктан, эмне үчүн дүйнө өзгөрсө да, Арап өлкөлөрү өзгөрбөдү? Уруучулдукка таянган, абсолюттук монархия жолу менен, мамлекетти башкаруудан кимдер пайда, кимдер зыян тапты? деген суроолор көпчүлүктү түйшөлтөт.[32]

Натыйжада, мамлекет башкаруучулары менен саясий исламды (түшүнүгүн) жактагандардын арасында келишпестик чыгып, ал граждандык согушка айланышы мүмкүн. Бирок, кандай гана болбосун, согуштун залакасы, карапайым калкка тиет. Башкаруучулар, убагында элдин социалдык жана экономикалык көйгөйлөрүн чечип берүүнүн ордуна, баарынын күнөөкөрү катары (АКШ менен Израилди туурап) исламдык террорду[33] көрсөтүп, албетте, дүйнөдөгү дөө-шаа күчтөрдүн куралына айланат. Ошентип, исламафобиянын кеңири тамыр алышына, бир ууч мусулман «олигарх же диктатор»[34] адамдардын туура эмес кадамдары, себеп болуп калышы ыктымал жана учурда мындай сценарийлер ишке ашып келе жатат.[35]

---

[30] Ocak A. Y. ***Küreselleşme Karşısında İslam yahut İslam'ı Bugüne ve Geleceğe Taşımak.*** 53-54-беттер; Uyanık Mevlüd. ***İslam'da demokrasi Sorun mu?*** //Gündüz Gazetesi. 13. 07.01998.

[31] Siddiqui Kalim, мындай адамдарды, Анъам сүрөөсүнүн 111-аятынын алкагында анализдейт. Караңыз: ***The pre İslamic Jahiliyyah and Modern Cahils.*** //Crescent İnternational. 16-31 January. 1983. 199-201-беттер.

[32] Kurşun. ***Arap Ülkelerinde Yönetim Şekli ve Demokrasinin Geleceği.*** 231-бет.

[33] Тынчтык маанисине келген исламдын терроризм менен кандай байланышы болсун? Албетте бул, соңку учурларда жасалмалуу жол менен, атайын колдонула башталды. Дүйнөдө эч бир террордун жана террордук кыймылдардын – дини жок. (Которуучудан)

[34] Güngör. ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 23-бет.

[35] Jansen G. H. ***The Challange of Militant İslam.*** //Jordan Times. – Amman, 10 April. 1993. – 4-бет.

Арап өлкөлөрүнүн көпчүлүгүнүн (сөз түрүндө) конституциялары бар. Бирок, конституцияда жазылган демократия менен гана, демократия – демократия болуп калбайт. Убагында, бей күнөө адамдарды, башка улут экендигинен улам, тукум курут кылган фашисттик Германиянын, репрессия менен таанылган Сталиндик СССРдин, же болбосо курбан айт күнү дарга асылган Саддамдык Ирактын да конституциялары бар эле. Ошондой эле, Сирияныкы да бар. Бирок, алардын демократия менен катыштыгын канчалык даражада сөз кылууга болот. Башкаруучу менен моюн сунуучунун арасындагы мамилелердин мааниси, конституция менен мыйзамдардабы? Же болбосо, ошол мыйзамдар менен нормалардын аткарылышындабы? Албетте, мамилелердин мааниси менен мамлекеттин *көздүн карегиндей* сакталышы, мыйзам жана нормалардын аткарылышы менен гана иш жүзүнө ашат. Ошондуктан, эч бир убакта дин, кандайдыр бир үй-бүлөнүн, бир элдин, же жеке эле бир адамдын бийлигинин куралы болбошу керек. Андай мүмкүнчүлүктөрдү жаратпаш керек.

Эгер, башкаруучу менен моюн сунуучунун арасындагы мамилелердин жоболору, конституция менен мыйзамдарда көрсөтүлгөндөй деңгээлде так аткарылса, бийлик атадан балага өтпөйт, дин саясий кызыкчылыктардын куралы болбойт. Ошондуктан, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгын жогору тутуу үчүн, ислам дини адилеттүү жана татыктуу адамдарды бийликке алып келүүнү (шайлоону) ар бир адамга эскертип өтөт. Жакшылыкта жарышууну буюрат. Исламдын бул буйругунун маанисин жакшы түшүнгөн Аз. Абу Бакир дагы, пендечилик кылып, орой ката кетирген учурда, башкаруучулук милдетин тапшырууну туура көргөн. Албетте көп өтпөй, мусулмандар мурунку Жахилия маданиятынын таасирине тез эле кабылып, ислам буйруган талаптарды эстеринен чыгарышты.

**Туура эмес чагылдырылган тарых түшүнүгү: Халифалык системанын мыйзамдуулугун далилдөө максатында диндин колдонулушу**

Алгач мусулмандар, өз тарыхынын ар бир ирмемин так жана туура анализдей билүүлөрү керек. Анткени, ата-бабалар жашаган тарых менен, ошол тарыхтын ичинде курулган маданияттар унутулуп, анын ордун так болбогон, мифологиялык өзгөчөлүктөр каптап, туура эмес чагылдырылган тарых түшүнүгү пайда болду. Өзгөчө, Умаййаддар доорунан баштап бүгүнкү күнгө чейин, башкаруучулар, бийликке мыйзамдуу жол менен келгендиктерин далилдөө максатында, динди саясий курал катары кеңири колдонушкан. Жеке саясий кызыкчылыктарын жогору коюп, халифа экендиктерин дин

аркылуу мыйзамдаштыргандыктарын ойлоп, башкарууну үй-бүлөсүнө менчиктештирип берген. Динде көрсөтүлгөн адилеттүү жана татыктуу адамды бийликке алып келүү деген нерсе, такыр эле унутулуп, мансапкорлук туура эмес багытта куралган түшүнүктөр менен мыйзамдаштырылган.[36]

Ошондой эле, динди гегомониялык саясаттын куралы катары колдонгондордун (саясый ислам түшүнүгүн жактагандардын), аныкталган белгилүү бир орток программалары жана стратегиялары да жок. Алар, жалпы мусулман коомунун орток тарыхын мифологиялардан куткарып, туура эмес көрсөтүлгөн маданий, ишенимдик жана тарыхый чындыктарды кайрадан жоромолдоонун ордуна, ар кимиси өздөрүнө таандык, өздөрүнө гана пайда алып келген чындык куруугa далбастап келишет. Ал гана эмес, аны универсалдуулуктун, акыйкаттын өзү катары сунуштоодон да кайра тартышпайт. Саясий ислам (түшүнүгү) катары сунушталган нерселер, Arkounдун айтуусу боюнча, дүйнөнүн түрдүү аймактарындагы түрдүү жамаат жана группалардын, түрдүү көз караштарынын натыйжасында калыптана баштаган, коомдук түрдүү кыймылдардын идеологиялык талаптары жана протесттери болуп эсептелет.[37]

Балким, көчмөндүк (бадави/бедуин), уруучулдук, жамаатчылык түзүлүшүнүн, түшүнүгүнүн кесепетинен улам, талап кылынган цивилизацияны куралбай жаткандырбыз. Орто кылымдардагы жаркын цивилизацияны бузуп алгандырбыз.

Ошондуктан, айрым **тео-саясатты** жактаган **түшүнүктөрдүн** төркүнүндө, халифалыктын Жараткандан келгендиги көз карашынын орун алгандыгын, жакшы билишибиз керек. Тактап айтканда, алардын пикирлеринде халифа, жалгыз гана пайгамбардын өкүлү эмес, ошондой эле ал, Жаратккандын жер жүзүндөгү көлөкөсү болуп да эсептелет.[38]

Кыскасы, диндин гегомониялык саясаттын куралы катары колдонулушу, алгачкы ирет халифалык түшүнүгү менен ишке ашкан. Мында өзгөчө, Умаййаддар менен Аббасийлер, башкаруучулуктарын мыйзамдаштыруу максатында, динди колдонуп, өздөрүн, Аллахтын жер жүзүндөгү өкүлдөрү катары жар салышкан. Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбардын, Жахилиянын туура эмес салты деп жоюуга аракет

[36] Ocak A. Y. ***Küreselleşme Karşısında İslam yahut İslam'ı Bugüne ve Geleceğe Taşımak.*** 56-57-беттер.

[37] Аркун Мухаммед. ***аль-Харакатул исламиййа: кыраатун аввалиййатун.*** //Мажаллатул вахда. 96-саны. 1993. 8-бет; Uyanık. ***İslamî hareketler.*** 13-14-беттер.

[38] Жамил Касым. ***аль–Ислам вал исламавиййа (Ислам жана исламизм).*** аль–Фикрул арабиййул муасыр. 98-99-саны. 1992. 58-64-беттер; Uyanık M. ***Felsefi Düşünceye Çağrı***. – Ankara,2003. – 154-бет жана уландысы.

кылган уруу башчылык (шейхтик) түшүнүгү, Аз. Алинин халифалыгынан кийин, Умаййаддардын бийликте калуу кызыкчылыктарынын натыйжасында, кайрадан диндин бир элементи катары курула баштаган.

Чындыгында, Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбардын ордун басуучу катары каралган «халифа» сөзү, эч кандай диний мазмунду камтып турбайт. Анткени, Жараткан тарабынан буйрулган пайгамбардык милдети, Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбар менен аягына чыкты. Мындан ары, эч ким, пайгамбарлардын миссиясын аткара албайт. Бирок, бул жерде белгилеп кетүүчү жагдай, ислам тарыхында рашид халифалардын (хулафа-у раашидиин) доору[39] деп айтылышынын себеби, Аз. Мухаммедден (с.а.в.) кийин, мусулмандардын башкаруучулары болуп келишкен төрт халифа; пайгамбарга келген динди бекем кармаган коомдун түзүлүшүнө өз салымдарын кошушуп, дүйнө иштеринде пайгамбардын жолун жолдоп, адилеттүү, чынчыл, дурус болушкандыктарынан улам айтылып калган. Башкача айтканда, алар динди курал катары колдонушкан эмес. Бирок, ислам тарыхында ал кишилер, пайгамбардын жакын санаалаштары, жолдоштору болушкандыктары үчүн, аларды ыйык затка айлантып карагандар да чыгышкан. Ал эми, алардан кийин бийликке келгендерге, *имам* (башкаруучу), *имамат* (башкаруучулук) деп айтылышы керек. Демек, салттуу ислам түшүнүгүндө, мусулмандардын *диний иштерин уюштурган* жана *руханий лидерлик кызматын* аркалаган«халифа, же халифалык» даражасы жок.[40]

Ошондуктан, мусулман коому үчүн маанилүү болгон, ислам тарыхында жашап келген башкаруунун формасы же модели эмес, убакыт сунган мүмкүнчүлүк жана шарттардын негизинде, акыйкаттын, адилеттүүлүктүн, чынчылдыктын, дурустуктун, эркиндиктин, билимдүүлүктүн жана ыймандуулуктун өкүм сүрүүсү,[41] саясий кызыкчылыктар үчүн диндин курал катары колдонулбоосу.[42]

## Динди жеке кызыкчылыктарынын куралы катары колдонгондор: модернизмдин душманыбы, же курмандыгыбы?

---

[39] Же болбосо, ак жолдо, туура, чынчыл, акыйкат жана адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн халифалар доору. Рашид халифалар булар: Аз. Абу Бакр, Аз. Өмөр, Аз. Осмон жана Аз. Али.

[40] Имамат–хилафаттын социологиялык анализи жөнүндө кеңири маалымат алуу үчүн, караңыз: Güngör. ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 168-175-беттер.

[41] Bardakoğlu. ***Teorik Açıdan İslam ve Demokrasi: Yasama.*** 363-бет.

[42] Ocak A. Y. ***Küreselleşme Karşısında İslam yahut İslam'ı Bugüne ve Geleceğe Taşımak.*** 57-58-беттер.

Саясий исламды (түшүнүгүн) колдогондор, негизинен модернизмдин душманы катары каралганы менен, ошол эле учурда, анын курмандыгы да болуп эсептелишет. Анткени, койгон талаптары жалгыз гана башкаруучу төбөлдөргө кызмат кылып келүүдө. Мисалы: Арап өлкөлөрүндөгү нефть өндүрүшүн көзөмөлдөгөн шейхтер, өз орундуктарын сактап калуу, мыйзамдуу башкаруучу экендиктерин далилдөө максатында, динди колдонуудан башка варианттары жок. Ал эми ортодогу карапайым калк, же ага моюн сунуулары, же болбосо көтөрүлүшкө чыгуулары керек. Кандай болгон күндө да, башкаруучунун бийликте калуу шансы жогору. Себеби, саясий исламды (түшүнүгүн) жактагандар, модернизмге каршы чыгуудан башка, ишенимдүү, ишендирүүчү жана ийкемдүү кадамдарды таштай алышкан жок. Перспективаларды кое алышкан жок.[43] Демек, алардын модернизмге каршы чыгуу менен көрсөткөн иш–аракеттери, кайра эле бийликке кызмат кылып берүүдө.[44]

Батыштык адамдын көзү менен караганда, төңкөрүш (ас-Савра) жалгыз гана зордук–зомбулук жана күч менен ишке ашат. Бирок исламда,[45] жаңылануу, жадидчилик деген нерсе бар. Жаңылануу жана жадидчилик, мусулмандан *төңкөрүш* кылууну, арууланууну, сезгенүүнү, жаңылланууну талап кылат. Демек, ал төңкөрүш, биринчиден, адамдын ички дүйнөсүндө болууга тийиш.[46] Экинчиден, зордук-зомбулукка, терроризмге жол бербей, маданияттуу жол менен жасалышы керек. Тактап айтканда, ар бир адамдын жан дүйнөсүнүн туура багытта өзгөрүшү, коомго да терең таасир калтырат, коом өзгөрөт, жашоо оңолот. Анткени, Куран башкаларды жакшылыкка үндөп, жамандыктан алыстаткан үлгүлүү коомдун, жан дүйнөсү таза адамдар менен гана ишке ашаарын белгилейт.[47]

Тарыхка жана учурга карап, «эч бир зордук-зомбулуктун идеологиясынын» жок экенин сезишибиз керек, деп белгилеген Türköne, ичинде жашаган жагымсыз шарттарды зордук-зомбулугу жок эле өчүрүү жана өзгөртүүнүн ордуна, акыйкатсыздыкты, заалымдыкты сыртка чыгарбай, ичибизде сактап жүрө берсек, ал барып-барып чоңоюп от алат. Андан ары, ичте от алган арыз-муңубуз, кыймыл-аракет менен коштолуп, коомго залакасын тийгизген жагымсыз окуянын чыгышына себеп болот. Натыйжада, жан дүйнөдө төңкөрүш

---

[43] Азыркы тапта Мысырда (Египетте) болуп жаткан окуялар, мунун эң негизги далили. (Которуучудан)

[44] аш-Шарки Абдулмажит. ***аль-Исламийийун***. //Мажаллатул вахда. 56-саны. – Сентябрь, 1998. – 42-47-беттер.

[45] Ислам түшүнүгү же ислам маданияты деп колдонуу туура болсо керек. (Которуучудан)

[46] Кураны Керим. ***Худ сүрөөсү.*** 88 – аят

[47] Кураны Керим. ***Аали Имран сүрөөсү.*** 104, 110–аяттар.

болбогондугунан улам, көп нерсе эскиси бойдон кала берет. Ошондуктан, зордук-зомбулуктун да, өзүнө таандык коомдук психологиясынын бар экенин билишибиз керек.[48]

Зордук-зомбулуктун натыйжалуу эч нерсе алып келбей турганын билүү үчүн, кайра эле тарыхка кайрыла турган болсок: Харижийлер, Умаййаддарга эмнелерди гана көрсөтпөдү, канчалаган адамды кылычтын кынынан өткөрдү. Ал эми, Умаййаддардын заалымдыгы андан да ашып өттү. Кийинчерээк, Умаййаддарга каршы төңкөрүшкө чыгып, ийгиликке жетишкен Аббасийлердин бийликке келиши менен, эмне өзгөрдү? Ошондуктан, өзгөрүүгө, өнүгүүгө кадам таштоо үчүн, колго курал алып чыгуу, эч нерсени өзгөрпөйт, чечпейт. Ал үчүн, жан дүйнөнү таза тутуп, тунук акыл, аң-сезим менен, жашообуздун негиздерин кайрадан карап, кайрадан жоромолдошубуз керек. Ошондо гана, чыныгы төңкөрүш ишке ашкан болот.[49]

Демек, Жаратканды таанып, жаратылгандарга урмат көрсөткөн, жакшылыкка үндөп, жамандыктан алыстаткан үлгүлүү коомду куруу үчүн, жеке кызыкчылыктар менен уруучулдуктардан (жердешчиликтерден) кутулуу керек. Анткени, адам менен коом арасындагы онтологиялык байланыш, ошондо гана бекем курулат. Ошондой эле, ***коом*** менен ***мамлекеттин*** ар тараптан ырааттуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн, айрым терминдерди кайрадан карап чыгуу керек.[50] Мисалы; модерн жана секулярдуулук (дүнүйөчүлдүк) менен динчилдерге берилген анти модерн жана акыретчилдикке окшогон коомдогу ажырымдарды туура анализдей билсек, анда ислам дүйнөсүндө болуп жаткан саясый, экономикалык моделдер менен, буларга карата пайда болгон реакциялардын чоо-жайын дагы да жакшы түшүнмөкчүбүз.

## Секулярдуулук (модерн) менен динчилдик (анти модерн) ажырымы

Түздөн-түз маселенин маңызына көз салсак, секулярдык, же орусча светтик (лайык) сөзүнүн, *саясый жана коомдук* мааниде, ар тараптуу жана татаал түзүлүшү көмүскөдө калып, көпчүлүк учурда, *мамлекет менен диндин* ажырымы жөнүндө сөз козголуп, жарандар, динге болгон көз караштарынын негизинде, секулярдуу модерн жана

[48] Türköne Mumtaz'er. ***Şiddetin İdeolojisi.*** //Zaman. 23. 01. 2007. 19-бет.
[49] Амара Мухаммед. ***аль – Ислам ва Даруратут тагаййур.*** //аль – Араби. 423-саны. – Апрель, 1993. – 30-33-беттер.
[50] Жамил Касым. ***аль–Ислам вал исламавиййа (Ислам жана исламизм).*** 58-64-беттер.

диндар (кеңири мааниде динге ишенүүчү) анти модерн болуп бөлүштүрүлүүдө.[51]

Секулярдуулук сөзү, негизи, руханийлер/ дин адамдары болуп эсептелбеген катмар үчүн колдонулган, христиан дүйнөсүнө таандык нерсе болуп эсептелет. Бирок эч ким, карама–каршы коюлган бул эки өзгөчөлүктү, мусулман коомун эске алып, татыктуу деңгээлде анализдебей келет. Экөөнүн, башкача айтканда секуляр менен динчилдин, бир эле учурда, бир эле жерде жашоолорунун мүмкүн экендигин айткан эч ким жок. Чындыгында, ислам done дининде руханийлер/ дин адамдары деген катмар жок. Анткени, Жараткан менен пенденин арасына эч ким ортомчу болуп кире албайт. Ошондой эле, бул дүйнө, акыреттин эгин талаасы. Ошондуктан, ислам дини, ажал кууп келе жаткандай, акырет үчүн жана эч өлбөй турган жандай, дүнүйө үчүн эмгек кылып, тер төгүүнү буюрат.

Демек, светтик/секулярдуулук сөзүнүн негизи, «абийир эркиндигине» таянуусу керек. Güngörдүн айтуусу боюнча, «диний жашоо бөлөк, дүнүйө жашоосу бөлөк» - деген сөздү, адам жана коом жөнүндө жетиштүү маалыматы жок болгондор, бат эле кабылдаганы менен, маселени терең изилдегендер, мындай сөздүн эч бир маанисинин жана төркүнүнүн жок экенин сезишет. Анткени, бир эле медальондун эки жагы болот жана экөө биригип гана медальонго маани-маңыз берип турат. Муну менен катар, христиан дүйнөсүндө да дин-дүнүйө ажырымы, сөздө, теорияда айтылып келгени менен, иш жүзүндө мындай ажырымды көрүүгө болбойт. Жалгыз, саясий жана башкаруу иштеринде гана, диндин таасири кээде көп, кээде аз болуп келген.[52]

Ошондуктан, айтылган мындай ажырымдарды, маданий баалуулуктардын негизинде, терең анализдөө керек. Эгер, тийиштүү анализдер жасалбаса, же жасалгандарга маани берилбесе, коомду бир канча топко бөлгөн, биримдикти бузган ажырымдар чыга берет. Светтик менен модерн, диндар менен анти модернге окшогон синонимдештирүү аракеттери жүрө бермекчи. Чындыгында, логикалык жактан караганда да, бул эки нерсенин бири-бирине каршы эмес экендигин байкайбыз. Анткени, жогорудагыдай, динди медальон катары эсептесек, светтик өзгөчөлүк, анын бир гана тарабы болуп эсептелет.

Негизи, прогресс-регресс, модерн-анти модернге окшогон ажырымдарды коюу, XVIII кылымдагы Батыштык философтор менен башталып, XIXкылымда өнүгүп-өөрчүгөн социологиялык термин

---

[51] Keyman E. Fuat. ***Türkiye'de Laiklik Sorununu Düşünmek: Modernite, Sekülerleşme, Demokratikleşme.*** //Doğu Batı Düşünce Dergisi. 23-саны. 2003-жыл

[52] Güngör. ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 58-59-беттер.

катары калыптанган. «Алгач, бул түшүнүктөр менен адамзат, жашоонун даңгыр жолуна түшүп, ар дайым, алгылыктуу, ийгиликтүү иштерди аткарат, деген ишеним жаралган. Кийинчерээк, Батышта бул түшүнүктөргө карата пикир өзгөрүп, анын маанилүүлүгү кете баштады. Бирок, цивилизациянын өнүгүүсү, адамзаттын келечеги жөнүндө ойлонгон ар бир адам, бул түшүнүктөргө, өзгөчө, маани берип келет. Анткени, ийгиликтин булагы жалгыз гана, прогрессивдүүлүктө, модернизмде деп айткандардын пайда болуусу, өнүгүүсү жана өчүүсүнүн тарыхы, көпчүлүк көз караштарды сындан өткөрүп, баалап бермекчи».[53]

Демек, жогорудагыдай ажырымдарды коюу менен, бардык нерсе чечилип калбайт. Тактап айтканда, *секулярдуу/прогрессивдүү/модерн* жана *диндар/ регрессивдүү/анти модерндн* бири-бирине каршы коюп, экөөнүн арасынан бирөөнү тандоонун керек экендигин айтуу, эмнени өзгөртөт? Негизи, бирөөсүнүн бар болушу, экинчисинин жок болушун шарттабайт. Жок дегенде, экөөнүн бир чекитте биригүүсүн камсыз кылган окшоштук, сөзсүз чыгат.[54] Ошондуктан, биз үчүн маанилүү болгон, түрдүү түшүнүктөрдүн арасынан окшоштуктарды издөө болуп эсептелет.

Берилген бул ойду тастыктоо максатында төмөнкү мисалды берип кетмекчибиз: учурдагы Түркия Жумуриятынын калкынын дээрлик басымдуу бөлүгүн мусулмандар түзөт. Бирок ал, ошол эле учурда светтик, унитардык түзүлүштөгү мамлекет. Мындай өзгөчөлүктөгү, тактап айтканда, светтик (лайык), унитардык, социалдык, демократиялык республика болушунун негизи, Осмон империясынын соңку доорлорунда, парламенттик системадагы мамлекетти куруу демилгелеринин натыйжасында ишке ашкан.[55] Демек, азыркы учурда Түркия Жумуриятында, диндар менен секулярдуулук/светтик сөздөрү чогуу жашап келет. Бирөөсүнүн бар болушу, экинчисинин жок болушун шарттаган жок. Анткени,

---

[53] Güngör. ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 69-бет жана уландысы.

[54] Мисалы: ак менен кара түстөрү, канчалык деңгээлде, карама - каршы маанидеги түс катары каралганы менен, аларды белгилүү чекитте бириктирген боз же күрөң түстөрү бар. Караңыз: Doğan Özlem. ***Mantık***. – İstanbul, 1999. – 83-84-беттер.

[55] Uyanık Mevlüd. ***Osmanlı Düşünce Tarihinde Parlamenter Sistem Arayışları.*** //İslamiyet'in Belirleyiciliği Üzerine Düşünceler Liberal Düşünce Topluluğu II. Hukukçular ve Siyaset Bilimciler Kongresindeki Sunum. 26-29. 10. 2002; Макала катары басылышы: Gazi Üniversitesi Çorum İlahiyat Fakültesi Dergisi. 2002-жылкы саны. 1-том. 47-60-беттер.

секулярдуулук, ислам дининде, негизинен, «*абийир эркиндиги*»[56] катары жоромолдонот.[57]

Секулярдашуу жараяны, бир эле учурда, түрк элин артта калуудан куткарып, алардын ар тараптуу өнүгүүсүнө өз салымын кошуу менен бирге, жарандарга дин тутуу эркиндигин да ыйгарды. Ошондуктан, секулярдуулук менен динчилдикти карама–каршы маанидеги түшүнүктөр катары кароо, баалоо туура эмес. Себеби, бир эле коомдо, экөөнүн тең аткара турган милдет жана максаттары бар. Бирок, модерн коомду куруу, *Батышка таандык* секулярдык менталитет жана илимдеги рационалдуулук менен ишке ашаарына ишенишкен куруучу элита катмарынын алгачкы кадамы, диндик укукка таянган мамлекетти, позитивисттик жана рационалисттик негиздерге өткөрүү менен башталды. Диний мекеме жана башкармачылыктардын, мамлекеттик жана саясый иштерге болгон кийлигишүүсүнө чек коюлду. Жада калса, диний символикалар да, мамлекеттик тармактардан сүрүлүп чыгарылды. Бирок көп өтпөй, *мамлекет менен диндин* ашкере ажырымынын натыйжасында пайда болгон проблемалардан чыгуу максатында, бардык диндерге үстүртөн, тең караган секулярдуулук, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын эске алуу менен, дин иштерин конституция жана мыйзамдык нормалардын чегинде жөнгө салууну колго алды. Алгач, өкмөттүк структура катары, дин иштери боюнча комитет түзүлдү. Бул комитет тарабынан ишке ашырылган иш-чаралар, дин менен секулярдуулуктун карама-каршы маанидеги түшүнүктөр эмес экендигин далилдеп берди.

Демек, позитивисттик жана рационалисттик негиздерге таянган түшүнүктөр, коомдогу проблемаларды чечүнүн ордуна, өзү проблема боло баштаган. Диндин, индивидуалдык жагы эске алынып, социалдык маанисинин унуттурлушу менен, адам баласынын аң-сезими толук эгемендүүлүккө жетет делген саясат, азыркы күндө, өз маанисин такыр жоготту. Анткени, коом, мамлекет секулярдашканы менен, индивидуалдык аң-сезим секулярдашкан эмес. Позитивист жана рационалисттердин көз караштарында, модерн дүйнөдө дин, алгач, индивидуалдык жээкке тартылып, андан кийин өзүнөн өзү жок болушу керек болчу, Бирок, андай болбоду. Күн өткөн сайын дин да күчтөнүп, жок болуунун ордуна, коомдук мааниси ого бетер сезиле баштады.[58]

---

[56] Тактап айтканда дин, адам баласын Жаратканын таанууга, кулдук урууга, аруулукка, адептүүлүккө, ыймандуулукка, адилеттүүлүккө үндөп келет. Бирок, аларды эч качан мажбурлабайт. (Которуучудан)

[57] Güngör. ***İslam'ın Bugünkü Meseleleri***. 58-бет.

[58] Азыркы учурду, же болбосо пост–модерн дүйнөнү динсиз элестетүү кыйын. (Которуучудан)

Алгачкы жылдарда, дин менен секулярдуулукту карама-каршы маанидеги түшүнүктөр катары тааныткан аң-сезим, секулярдуу коомду чыдамсыздык менен күткөнү менен, жамаатташуу, мазхабдашууга окшогон түшүнүктөр, кыймылдар күчтөнүп чыңала берди. «Жаратканды саясатка кайра алып келүүнү каалаган»[59] кыймылдардын баарын; динди жашоодон сүрүп чыгууну каалап, *секулярдуулук (модерн) жана динчилдик (анти модерн)* демиш болуп, *мамлекет менен диндин* арасында ашкере ажырымдарды жаратқандардын жоруктарына каршы жасалган реакция катары баалоого болот. Негизинен, диндарлык менен секулярдуулуктун маанисин, коомдогу ордун жана коомдун өзгөчөлүгүн так-даана аныктабай, анализдебей туруп, тигил же бул түшүнүккө ыкталган чечим чыгаруу, маселени андан да курчутуп жибериши мүмкүн.

Ошондуктан, мамлекеттин негизги милдети, жарандарга тигил же бул динди, идеологияны мажбурлап жашаттыруу эмес, аларга, башкаларга *жолтоо болбогудай* деңгээлде эркиндикти ыйгаруу, ылайыктуу шарттарды түзүп берүү болуп эсептелет. Мусулман, христиан, иудей, же болбосо атеист жана агностист, баары, ишенимдерин негиз алып эркин жашаса жана башкалардын ишенимдерин жээрибей, аларды адам катары сыйласа, албетте, дин гегомониялык саясаттын куралы болбойт. Демек, аң-сезимдин секулярдашуусунун маңызы да ушул жерде жатат. Башкача айтканда, ар бир адам өзүнүн динин эркин жашоосу менен бирге, башкалардын динине да сый көрсөтүүсү керек.[60] Ошону менен бирге, ар бир адам аң–сезиминдеги (эгер болсо) секулярдуулук (модерн) менен динчилдик (анти модерн) ажырымынан кутулуусу керек.

Эгер, ***«модерн диндар типологиясын»*** жарата алсак, жогорудагыдай карама–каршы мааниде сунулган түшүнүктөрдөн, толук кутулган болуп эсептелебиз. Ал эми ошол типологияны жаратуунун жолу, динди жана диний баалуулуктарды туура аңдап, алардын, адамдын жеке жана коомдук жашоосундагы ордун жана маанисин так-даана анализдөөдө жатат.

**Диний баалуулуктардын, адамдын жеке жана коомдук жашоосундагы гармониясын камсыз кылуудагы орду**

Коомдун тынчтык жана ырашкерликте жашоосу, адамдагы жоопкерчилик жана мекенди сүйүү сезими менен тыгыз байланышта. Атактуу ислам аалымы Ибн Халдун айткандай: «патриоттуулукту (арапчасы: асабият – динди, мекенди жана элди жан үрөп, чын дилден

---

[59] Soljenitsin Aleksandr. ***Tanrıyı Politikaya Geri Getirin.*** //NPQ (New Perspectives Quarterlerly). Türkiye. 9 – саны. 3 – том. 6 – бет.

[60] Uyanık. Devlet yurttaşına yaşam tarzı dayatmamalı. //Zaman. 10. 11. 2003.

сүйүү), коомдун биримдүүлүгүн, ынтымагын жана бекемдигин камсыз кылуучу маанилүү, социалдык, саясый механизм» катары карасак, албетте, анын, жоопкерчиликтүү болууга үндөөрүнө күмөнүбүз калбайт. Анткени, коомду коом, мамлекетти мамлекет кылып сактаган факторлордун бирөөсү, ошол жоопкерчилик, андан ары патриоттуулук сезиминде жатат. Ошондуктан, патриоттуулук сөзүнүн жакшылап изилденүүсү, көчмөн жана отурукташкан элдердин менталитетин; кырылуусун же көбөйүүсүн; өнүгүүсүн же өчүүсүн; эгемендүүлүгүн же көз карандылыгын жана саясий байланыштарын ачык-айкын сүрөттөп берет.[61]

Ал эми, көчмөн жана отурукташкан маданияттын, адам жана коомдогу өз ара таасиринин изилденүүсү, Орто Азиядагы көчмөн элдин негизги өзгөчөлүгү болгон уруучулдук түзүлүшүн жана ошол уруучулдукка таянган социалдык-саясий байланыштарды; дүйнөгө атын тааныткан мамлекеттерди жана өздөрүнө таандык оригиналдуу маданият, цивилизацияны курууда, негизги *фактор* болгон *«диндин ордун»* жакшылап түшүнүүгө жардам бермекчи.

***Уруучулдук түзүлүш (кандык теги),*** кандайдыр бир коомдун же мамлекеттин онтологиялык жана физикалык өзгөчөлүктөрүн, ал эми, өнүгүүнүн ***негизги фактору катары эсептелген диндин***[62] болсо, жоопкерчиликтүүлүктүн, ишеним жана биримдүүлүктүн кандай курулгандыгынын, эпистомологиялык өзгөчөлүктөрүн ачыктап берет. Демек, өнүгүүнүн негизги фактору катары эсептелген дин, учурда да, ажырымдардын жана гегомониялык байланыштардын куралы эмес, ынтымак жана биримдүүлүктүн каражаты болуп кызмат кылуусу керек.[63]

Бул жерде кошумчалай кетүүчү жагдай, Түркияда диний баалуулуктарга басым жасаган саясатчылардын, ***«мусулманчылыкты, патриоттуулук менен уңгулаш»*** мааниде баалоолору, диндин, коомдук биримдик менен индивидуалдык жоопкерчиликке болгон таасиринин айкын күбөсү. Ошондой эле, диндик салтты негиз туткан өкмөттүн, Европа Союзуна кирүүнү максат коюп, Дүйнөлүк валюта фонду менен биргеликте иш жүргүзүп келүүсү болсо, диндар менен секулярдуулуктун модерн нерселер экенинин далили. Демек, глобалдык менен локалдыктын, динчилдик менен секулярдуулуктун

---

[61] Uyanık M. ***Felsefî Düşünceye Giriş.*** – Ankara, 2003. – 139-бет.

[62] Мисалы; Караханиддер мамлекетинде, уруучулдук түзүлүшкө маани берилип келген (бул жөнүндө, Махмуш Кашгаринин эмгеги Дивану лугатит түрктө кеңири баяндалган) жана мамлекеттин өнүгүүсүнүн негизги фактору болуп, дин эсептелген (Жусуп Баласагындын Кутадгу билиг аттуу эмгегиндеги сценарий, бул өңүттө каралган). (Которуучудан)

[63] Кураны Керим. ***Аали Имран сүрөөсү.*** 103 – аят.

карама-каршы мааниде колдонулуусун туура көрбөгөн AKP (Adalet ve Kalkınma Partisi–Адилет жана өнүгүү партиясы) өкмөтү жана премьер министрдин[64] майрамда «Курманмын, айыңа жана жылдызыңа»[65] – деген куттуктоо афишасы жана ал менен коштолгон талаш-тартыштар, көпчүлүктүн назарында сакталып келет.

Негизи, мусулманчылык менен патриоттуулукту уңгулаш сөздөр катары колдонгондордун көч башында M Şemsettin Günaltay келет. Ал, «Maziden Atiye» (Өтмүштөн келечекке) аттуу китебинде, ***кан жагынан*** (органикалык, онтологиялык байланыш) ***Түрктүккө, ал эми дин жагынан*** (жоопкерчилик, ишеним жана биримдүүлүккө таянган өнүгүүнүн негизги фактору) ***мусулманчылыкка басым жасап, мусулман түрк элинин ислам тарыхындагы жараткан зор эмгектерин белгилеп өтөт.*** Анын пикири боюнча, ***Түркия түрктөрүнүн жаратмандык жана ийгиликке жетүүсү, диндик негизге таянган патриоттуулук рухунун кайрадан ойгонушунда жатат.***[66] Андыктан, бул рухту кайрадан ойготуучу, жандантуучу «***модерн диндар типологиясын***» жаратуу убакыттын талабы.

**«Модерн диндар типологиясы»**

Адамзаттын дүнүйө жана акырет бактылуулугун көздөгөн ислам дини, маңкурт сымал шарттанган адамдардын аң-сезимин эмес, эркин, эрктүү, жоопкер жана чечкиндүү адам баласынын аң-сезимин негиз алып, ал менен байланыш курат. Тактап айтканда, диндин мааниси, ыйман (Ак ишеним), ислам (тынчтык) жана ихсандын (айтканы аткарганына төп келген) маңызына барып такалат.

Ислам дини, адам баласынын жан дүйнөсүн арууликка багыттайт, же болбосо, Аллах таала, адамзатты өзүмчүлдүктөн, туура эмес ойлордон, жолдон адаштырган түшүнүктөрдөн, сырткы чөйрөнүн жамандыктарынан, зордук-зомбулуктан, террордон алыстап, Жараткан жалгаган фытратка (нукура табият, аруу жан дүйнө) кайтууну буюрат. Анткени дин, фытратты өзгөртүү, өчүрүү үчүн эмес, өнүктүрүү, өстүрүү жана кубаттоо үчүн келген. Демек ислам, адамдын

---

[64] Recep Tayyip Erdoğan – Режеп Таййип Эрдоган

[65] Диндик салтты негиз туткан лидер, мамлекеттин негизги символдоруна анчейин, маани бербейт деп айтылып келген. Бирок, Режеп Таййип Эрдогандын мындай сөздөрү, ислам менен патриоттуулуктун уңгулаш мааниде каралып жатканынын айкын күбөсү. 2007-жылдын 10-11-12-январында чыккан газеталарга карагыла. Мисалы: Zaman. 11.01.2007. 5-бет.

[66] Анадолжулук, Даргах кыймылдары менен диний – философиялык патриоттуулуктун байланышы жөнүндө кеңири маалымат алуу үчүн, караңыз: Öğün S. Seyfi. ***Türkiye'de Cemaatçi Milliyetçilik ve Nurettin Topçu***. – İstanbul, Dergâh Yayınları. –28-бет; M Şemsettin Günaltay жөнүнжө кеңири маалымат алуу үчүн, караңыз: Ülken H. Ziya. ***Türkiye'de Çağdaş Düşünce Tarihi***. – İstanbul, 1975. – 391-бет.

аң-сезимине багытталып, андан Жаратканга болгон ак ишенимди жана жакшылыктарды аткарууну гана талап кылат.

Диндар болуу – ар бир адамдын өзүнө таандык, өздүк каалоосунун негизинде, дин (фытрат) тарабынан буюрулган, көрсөтүлгөн жакшылыктарда жарышуу болуп эсептелет. Демек ал, адам баласынын талыкпаган эмгегине көз каранды. Ошондой эле, дин жөнүндө кеңири маалыматка ээ адам, диндар адам боло бербейт. Анткени, бардык пайгамбарлар белгилеп келишкендей, диндин талабы, сүйүү менен сый-урматка негизделген биримдикте, ынтымакта жашоодо жана жакшы-жаманды тең бөлүшүүдө.

**Корутунду**

Ислам дининин тынтчык, амандык жана саламаттык деген маанилерин дүйнөгө жайылтуу, учурдун талабы. Анткени, мындай саамалык динибиздин эң негизгиси максаты болуп эсептелет. Тактап айтканда, ар бир момун-мусулман өздүк жашоосун бир нукка салып, андан соң, чөйрөнүн, дүйнөнүн тынчтыгы, бейпилдиги үчүн өз салымын кошуусу керек. Ички дүйнөсү ырааттуу мусулман адам, үй-бүлөлүк жашоосунда камкор, коомдук жашоодо жоопкер жана өлкөсү үчүн жана үрөгөн патриот болуп эсептелет.

Ошондуктан мусулман, адам жана коомдун укугун сыйлап, кайдыгер болбой, ар кандай адилетсиздикке, укуксуздукка каршы чыгуусу керек. Себеби ислам дини, террорчулукка, баш аламандыкка, укуксуздукка эмес, адилеттүүлүккө, акыйкаттуулукка, чынчылдыкка, дурустукка моюн сунууну талап кылат. Эгер, Жараткан белгилегендей жана Аз. Нухка (а.с.), Аз. Ибрахимге (а.с.), Аз. Мусага (а.с.) жана Аз. Исага (а.с.) буюрулгандай, ыйман менен ишенимдин негизги маселеси болгон адеп-ахлактуулукка маани бербесек, коомубуз бузулуп зыян тартабыз. Натыйжада, өзүбүздү, өз баалуулуктарыбызды, тууган жана досторубузду жоготуп жаныбыз тынат.